**Ош мамлекеттик университетинин студенттерин практикадан өткөрүү боюнча**

# КЕЛИШИМ

Ош шаары 28 - сентябрь 2023-жыл

Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор К.Г.Кожобеков, мындан ары «ОшМУ», ОшМУнун Уставынын негизинде аракеттенүүчү, бир тараптан, Кыргыз Республикасынын КР ЮМнин алдындагы Пробация департаментинин Ош жана Баткен облустары боюнча аймак аралык башкармалыгы, экинчи тараптан, практикаларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү:

**I. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Пробация департаментинин Ош жана Баткен облустары боюнча аймак аралык башкармалыгы милдеттенет:**

1.1.КР ЮМнин алдындагы Пробация департаментинин Ош жана Баткен облустары боюнча аймак аралык башкармалыгында ОшМУнун теология факультетинин студенттерин календардык планга ылайык практикадан өткөрүүгө уруксат берүү;

1.2. Практиканын толук кандуу өтүшүнө шарт түзүү;

1.3. Факультет менен илимий–усулдук иштерди биргеликте аткаруу;

1.4. Башкармалыктын кызматкерлерин практиканттарга насаатчы-жетекчи кылып бекитип берүү;

1.5. Практиканын аягында ар бир студенттин аткарган жумушуна жана ал даярдаган отчеттун сапатына баа жана мүнөздөмө берүү.

**II. ОшМУ милдеттенет:**

2.1. КР ЮМнин алдындагы Пробация департаментинин Ош жана Баткен облустары боюнча аймак аралык башкармалыгына практиканы өткөрүүнүн планын жана программасын сунуштайт;

2.2. Практика жетекчисин жана усулчусун дайындайт,

2.3. Зарыл практика программаларын, усулдук жана колдонмо куралдарын КР ЮМнин алдындагы Пробация департаментинин Ош жана Баткен облустары боюнча аймак аралык башкармалыктын кызматкерлери менен биргеликте түзөт;

2.4. Илимий –усулдук иш чараларды КР ЮМнин алдындагы Пробация департаментинин Ош жана Баткен облустары боюнча аймак аралык башкармалыгы менен биргеликте аткаруу;

2.5. КР ЮМнин алдындагы Пробация департаментинин Ош жана Баткен облустары боюнча аймак аралык башкармалыктын кызматкерлерине усулдук жактан жардам берүү;
2.6. Илимий-усулдук конференцияларды өткөрүү.

**III.Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар Кыргыз Республикасынынын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;
3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;
3.3. Келишим биринчи тараптан ОшМУнун, экинчи тараптан КР ЮМнин алдындагы Пробация департаментинин Ош жана Баткен облустары боюнча аймак аралык башкармалыктын жетекчилери кол койгондон кийин күчүнө кирет;
3.4. Келишим мөөнөтү 2023-жылдан 2028-жылга чейин;
3.5. Келишим эки нускада түзүлүп, бири ОшМУда, экинчиси КР ЮМнин алдындагы Пробация департаментинин Ош жана Баткен облустары боюнча аймак аралык башкармалыгында сакталат.

Юридикалык даректери:
Ош мамлекеттик университети: 723500,
Ош шаары, Ленин көчөсү 331.

КР ЮМ ПД Ош жана Баткен ААБ:
Ош шаары, Ленин көчөсү, № 312.

**ОшМУнун ректору,**

**проф. К. Г. Кожобеков**

**«28» октябрь 2023-жыл**

**КР ЮМнин алдындагы Пробация департаментинин Ош жана Баткен облустары боюнча аймак аралык башкармалыктын начальниги**

**Н. А. Сулайманов**

**«27» сентябрь 2023-жыл**